**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин 2023-жылы аткарган иш жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин (мындан ары – Координациялык кеңеш) 2023-жылы аткарган иши жөнүндө отчет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 155 токтому менен бекитилген Координациялык кеңеш жөнүндө жобонун 24-пунктунун талаптарына ылайык даярдалган.

Координациялык кеңештин ишинин максаты адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыздоо механизмдерин өркүндөтүү жана адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу болуп саналат.

Координациялык кеңештин милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- Бириккен Улуттар Уюмунун келишимдик органдарына адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердин жоболорунун аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын улуттук мезгилдүү баяндамаларын (мындан ары - улуттук мезгилдүү баяндамалар) жана Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча кеңешинин Универсалдуу мезгилдүү обзорун (мындан ары-УМО) даярдоо боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоо;
- Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары - БУУ) Адам укуктары жана УМО чөйрөсүндөгү сунуштамаларын аткаруу боюнча мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү.

Аталган максатка жетүүнүн алкагында, Координациялык кеңештин 2023-жылдагы ишинин жыйынтыгы боюнча төмөнкү иш-чаралар аткарылган:

**Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук баяндамаларын даярдоонун жана коргоонун алкагында**

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-мартындагы № 139-т тескемеси менен БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1990-жылдын 18-декабрында кабыл алынган Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенцияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын экинчи улуттук баяндамасы жактырылган. БУУнун эрежелерине ылайык Кыргыз Республикасынын бул экинчи улуттук баяндамасы БУУнун Башкы катчысынын дарегине жана БУУнун Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары боюнча комитетине жиберилген.

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-ноябрындагы № 719-т тескемеси менен Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык

конвенцияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын экинчи улуттук баяндамасын сунуштоо үчүн расмий делегациянын курамы түзүлдү.

Кыргызстандын делегациясы Женевада БУУнун Бардык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча комитетинин 37-сессиясына катышып, 2023-жылдын 29 жана 30-ноябрында Комитетке өзүнүн экинчи мезгилдүү баяндамасын ийгиликтүү тапшырды.

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-майындагы 217-т тескемеси менен 1965-жылдын 21-декабрында Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган 2019-2022-жылдар мезгилинде Расалык басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө эл аралык конвенциянын аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын бириктирилген он биринчи жана он экинчи мезгилдүү улуттук баяндамасы жактырылды. БУУнун эрежелерине ылайык Кыргыз Республикасынын бул бириктирилген он биринчи жана он экинчи мезгилдүү улуттук баяндамасы БУУнун Башкы катчысынын дарегине жана БУУнун Расалык басмырлоону жоюу боюнча комитетине жиберилген.

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-ноябрындагы 421-б буйругу менен БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1989-жылдын 20-ноябрында кабыл алынган 2014-2019-жылдарга Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын аткарылышы тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү баяндамасы жактырылган.

2023-жылдын мартында БУУнун комитетинен Кыргызстандын бириктирилген бешинчи жана алтынчы мезгилдүү баяндамаларына байланыштуу суроолордун тизмеси келип түшкөн. Суроолордун тизмесине жооп 2023-жылдын июль айында БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетине жиберилген.

Женева шаарында (Швейцария Конфедерациясы) БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетинин 94-сессиясынын алкагында өткөрүлгөн БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын аткарылышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын бириктирилген бешинчи жана алтынчы мезгилдүү баяндамаларын берүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы 485-т тескемеси менен расмий делегация түзүлгөн. 2023-жылдын 12-13-сентябрында расмий делегация БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын аткарылышы тууралуу Кыргызстандын баяндамасын ийгиликтүү коргоду.

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-апрелиндеги № 91-б буйругу менен БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1966-жылдын 16-декабрында кабыл алынган 2012-2019-жылдар мезгилинде экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактты аткаруу тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи улуттук баяндамасы жактырылган.

2022-жылдын апрелинде БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетинен Кыргызстандын экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын аткарылышы

тууралуу төртүнчү мезгилдүү баяндамасына байланыштуу суроолордун тизмеси келип түшкөн.

Суроолордун тизмесине жооп 2023-жылдын июль айында БУУнун тиешелүү комитетине жиберилген.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын аткарылышы тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи улуттук баяндамасын коргоо БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетинин 76-сессиясынын жүрүшүндө 2024-жылдын сентябрында өтөт.

**БУУнун сунуштарын аткаруунун алкагында**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 655-т тескемеси менен 2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планы бекитилди, ал 17 главадан жана 115 пункттан турат. Жогоруда белгиленген планга төмөнкүлөр кирген:

1) Универсалдуу мезгилдүү обзордун үчүнчү циклинин сунуштары;

2) БУУнун келишимдик органдарынын сунуштары;

3) БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин КРга болгон иш сапарынын жыйынтыгы боюнча атайын жол-жоболору (дене-бой жана психикалык ден-соолукка укук маселелери боюнча атайын баяндамачы; азчылыктар маселелери боюнча атайын баяндамачы; зомбулук же эрксиз жоголуулар боюнча жумушчу топ);

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-мартындагы № 55-б буйругу менен бекитилген 2021-2019-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планынын аткарылбаган жана туруктуу аткарууга муктаж пункттары.

2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планын (мындан ары-План) талдоо төмөнкүлөрдү көрсөттү.

План 115 пунктту камтыйт, алардын ичинен 2 пункт 2022-жылы аткарылган жана 19 пункт 2024-жылга каралган.

Калган 94 пункттун ичинен:

- “2023-жыл” мөөнөтү менен аткарылган - 14 пункт;
- “Туруктуу” мөөнөт менен аткарылган - 30 пункт;
- “Зарылдыгына жараша” мөөнөтү менен аткарылган - 1 пункт;
- “2023-жыл” мөөнөтү менен жарым-жартылай аткарылган - 15 пункт;
- “Туруктуу” мөөнөт менен жарым-жартылай аткарылган - 25 пункт;
- “2023-жыл” мөөнөтү менен аткарылбаган - 3 пункт;
- “Туруктуу” мөөнөт менен аткарылбаган - 6 пункт.

Ошентип:

Аткарылган - 45 пункт, бул 47%дан ашыкты түзөт;

Аткарылган/жарым-жартылай аткарылган - 40 пункт, бул 42%дан ашыкты түзөт;

Аткарылган эмес - 9 пункт, бул 9%дан ашыкты түзөт.

2. Координациялык кеңештин чечими менен 2023-жылдын мартында БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитетинин

корутунду эскертүүлөрүнүн 12 (b), 18 (b), 22 (b) жана 26 (e) пункттарын аткаруу үчүн кабыл алынган чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын отчету бекитилген, ал кийин 2023-жылдын 22-мартында Женевадагы КР Постпредствосу аркылуу БУУнун тиешелүү комитетине жиберилген.

3. 2020-жылдын 20-январында болуп өткөн Универсалдуу мезгилдүү обзордун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруу боюнча алдын ала талдоо жүргүзүлдү.

Сунушталган 232 сунуштаманын ичинен Кыргыз Республикасы тарабынан 190 сунуштама б.а. жалпы санынын 82% колдоого алынган.

*Универсалдуу мезгилдүү обзор (УМО) – бул Адам укуктары боюнча кеңештин жаңы механизми, анын алкагында жылына төрт жолу БУУга мүчө 193 мамлекет тарабынан адам укуктары жаатындагы милдеттенмелердин аткарылышына үзгүлтүксүз обзорлор жүргүзүлөт.*

Алдын ала талдоо кабыл алынган сунуштамаларды аткаруунун оң динамикасын көрсөтүүдө.

Кыргыз Республикасы тарабынан сунуштамалардын жалпы санынын 60%дан ашыгы ишке ашырылган, азыркы учурда 40%га жакыны жарым-жартылай аткарылууда, б.а. ишке ашыруу стадиясында турат.

4. Координациялык кеңештин чечими менен 2023-жылдын июнунда Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция боюнча Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү баяндамасына карата БУУнун комитетинин корутунду сунуштамаларын аткаруу боюнча иш-чаралар планы бекитилген, ал кийин аткаруу үчүн мамлекеттик органдарга жиберилген.

**БУУнун комитеттеринен келип түшкөн жеке даттануулар боюнча жоопторду берүүнүн алкагында**

Отчеттук жылдын ичинде БУУнун келишимдик органдарына кайрылган Кыргыз Республикасынын жарандарынын жеке даттанууларын кароо боюнча төмөнкүдөй иштер аткарылды.

Координациялык кеңештин катчылыгы тарабынан 2023-жылы белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине төмөндөгү жеке даттануулар боюнча БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине жөнөтүү үчүн ой-пикирлерди (чечимдерди) аткаруу боюнча жооптор жиберилген:

1) А. Амбаряндын арызы боюнча (2162/2012);
2) Ф. Ашировдун арызы боюнча (2187/2012);
3) А. Гүнандын арызы боюнча (1545/2007);
4) Ф. Физиевдин арызы боюнча (2866/2016);
5) Б. Курманбековдун даттануусу боюнча (2723/2016).

Отчеттук жылдын ичинде Юстиция министрлигинин атынан Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин катчылыгына (мындан ары - Катчылык) БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан катталган 7 жеке даттануу келип түшкөн:

1. Дина Маслова (билдирүү, 4322/2023);
2. Муратжон Махамаджон угли (билдирүү 4418/2023);

3. Абдуганиев Ойбек (4399/2023 билдирүү);
4. Пак Инесса (4331/2023 билдирүү);
5. Акбаров Сардорбек (4360/2023 билдирүү);
6. Эсенкулова Элнура (4406/2023 билдирүү);
7. Мирлан Асакеев (4492/2023 билдирүү).

Билдирүүлөрдүн (жеке даттанууну/арызды) маңызы боюнча кароо максатында Координациялык кеңештин төрагасынын чечими менен мамлекеттин жоопторун даярдоо үчүн тиешелүү ведомстволор аралык жумушчу топтор түзүлгөн.

Бүгүнкү күндө Ведомстволор аралык жумушчу топтор тарабынан алты жеке даттануу боюнча кабыл алынгыс Кыргыз Республикасынын жалпыланган жооптору даярдалып, бекитилди, алар БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине жиберилген.

Бир жеке даттануу боюнча (Мирлан Асакеев) Ведомстволор аралык жумушчу топтун курамы бекитилди. Бул жеке даттануу Ведомстволор аралык жумушчу топтун анын кабыл алуу критерийлерине жана билдирүүнүн маани-маңызына ылайыктуулугун иликтөө стадиясында турат.

Ошону менен бирге, 2023-жылдын январь айынан декабрь айына чейин Катчылыктын дарегине БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин төмөнкү төрт жеке даттануу боюнча ой-пикирлери (акыркы чечими) келип түшкөн:

1) Михаил Кудряшов (2998/2017 билдирүү);
2) Рахилахан Бизурукова (3001/2017 билдирүү);
3) Александр Симеха (2994/2017 билдирүү);
4) Дина Маслова (3552/2018 билдирүү).

БУУнун Адам укуктары боюнча келишимдик органдарынын билдирүүлөрүн жана чечимдерин кароо боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык белгиленген ой-пикирлер мыйзамда белгиленген тартипте кароо үчүн чечимдин (кароонун) мүнөзүнө жараша Катчылык тарабынан тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт.

**Координациялык кеңештин ишин өркүндөтүүнүн алкагында**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-июнундагы № 302 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-ноябрындагы № 630 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому менен Координациялык кеңештин натыйжалуу ишин түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин курамы жаңыртылган. Бул токтом менен Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) орун басары жана Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук борборунун директорунун орун басары аталган органдардын биринчи жетекчилерине алмаштырылды.

**Координациялык кеңештин 2023-жылга иш планын аткаруунун алкагында**

2023-жылга иш план 15 иш-чарадан турат. Ошол эле учурда 1 иш-чара БУУнун Комитетинин баяндамасын коргоонун 2024-жылга жылдыргандыгына байланыштуу кийинки жылга жылдырылды:

- 2012-2019-жылдар мезгилинде экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын аткарылышы тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи улуттук баяндамасын даярдоо жана коргоого катышуу.

Бир иш-чара зарылчылыктын болбогондугунан улам актуалдуу эмес:

- кезексиз жыйын өткөрүү (2-п.).

2023-жылга иш планда каралган 13 иш-чаранын жыйынтыгы:

1) 11 аткарылган:

- бир жылда 4 жыйын өткөрүлдү (1-п.);

- Кыргыз Республикасы тарабынан БУУнун Адам укуктары чөйрөсүндөгү келишимдик органдарынын сунуштамаларынын, БУУнун атайын жол-жоболорунун аткарылышына мониторинг жүргүзүү (3-п.);

- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт боюнча Адам укуктары боюнча комитеттин сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын даярдоо жана бекитүү (4-п.);

- Бардык адамдарды күч менен жоголуп кетүүдөн коргоо үчүн эл аралык конвенцияга кошулуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын позициясын иштеп чыгуу (5-п.);

- 2020-жылдын 20-январында болуп өткөн Универсалдуу мезгилдүү обзордун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруу боюнча талдоону даярдоо (6-п.);

- Параллелдүү медициналык кызматтарды Саламаттыкты сактоо министрлигинин карамагына которуу мүмкүнчүлүгүн талдоо, түрмөдөгү психиатриялык жардамды жалпы саламаттык сактоо системасына интеграциялоо (9-п.);

- БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын 22-беренесине ылайык кыйноолордон эркин болуу укугу бузулган учурда Кыргыз Республикасынын юрисдикциясындагы адамдардын жеке билдирүүлөрүн алуу жана кароо, ошондой эле жогоруда аталган Конвенциянын 21-беренесине ылайык кыйноолорго мамлекеттер аралык даттанууларды берүү мүмкүнчүлүгүн таануу жөнүндө БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин компетенциясын таануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын арызын берүү мүмкүнчүлүгүн кароо (10-п.);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жогоруда белгиленген планды бекиткенден кийин Аялдарга карата басмырлоону жоюу конвенциясы боюнча БУУнун комитетинин корутунду сунуштамаларын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү (11-п.);

- 2014-2019-жылдар мезгилинде Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын аткарылышы тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү баяндамасын коргоого даярдоо;

- Турак жайга кирүүгө адам укуктарын ишке ашырууну, ошондой эле ДМЧАнын коомдук имараттарга, мейкиндикке (тротуарлар, аялдамалар) жана транспортко жеткиликтүүлүк маселелерин талдоо (14-п.);

- Бардык эмгекчи мигранттардын укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенцияга карата Кыргыз Республикасынын баяндамасын бекитүү жана коргоо (15-п.).

2) 2 иш-чара 2024-жылга жылдырылды:

- Кыргыз Республикасынын жалпы базалык документин жаңылоо (7-п.);

- “Зомбулукту, кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмону бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизүү (12-п.).

Талдоонун жыйынтыгы боюнча иш планы 86%га аткарылган деген тыянак чыгарууга болот.

Координациялык кеңештин 2023-жылдын 25-декабрындагы жыйынында:

- Координациялык кеңештин 2023-жылдагы отчету жактырылды;

- Координациялык кеңештин 2024-жылга карата 14 иш-чарадан турган иш планы бекитилди, ал боюнча ар кандай иш-чаралар, анын ичинде мезгилдүү баяндамаларды даярдоо жана адам укуктары чөйрөсүндө БУУнун сунуштамаларынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча иш-чаралар каралган;

- 2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планынын аткарылышынын жүрүшү тууралуу маалымат эске алынды;

- жана башкалар.

Кыргыз Республикасында адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо татыктуу жашоо шарттарын, инсандын эркиндигин жана кол тийбестигин кепилдөө, ошондой эле социалдык жактан коргоону түзүү жолу менен жарандардын абалын жакшыртууга чакырылган өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги максаттарынын бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасы адам укуктары боюнча бардык негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу катары мындан ары да Координациялык кеңештин ишинин алкагында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыздоо механизмдерин өркүндөтүүнү жана адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди ишке ашырууну улантат.